ISSN 1694-7681

ЖУРНАЛ «ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ»
ОСНОВАН В 2001 ГОДУ
ВЫХОДИТ ЕЖЕМЕСЯЧНО

Зарегистрирован
в Министерстве юстиции
Кыргызской Республики
Регистрационный № 673
от 19 декабря 2001 года

Республиканский научно-теоретический журнал

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА

№ 8, 2015

БИШКЕК – 2015

ГЕОГРАФИЧЕСКИЕ ПОДХОДЫ РЕШЕНИЯ ПРОБЛЕМ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ПРИРОДНЫХ РЕСУРСОВ

THE SOLUTION TO THE PROBLEMS OF GEOGRAPHICAL APPROACHES THE USE OF NATURAL RESOURCES

Асыкулов Т.

ӨЗГӨЧӨ КОРГОЛУУЧУ ТАБИГЫЙ АЙМАКТАРДАГЫ КЭЭ БИР МАСЕЛЕЛЕР

Асыкулов Т.

НЕКОТОРЫЕ ПРОБЛЕМЫ ОСОБООХРАНЯЕМЫХ ПРИРОДНЫХ ТЕРРИТОРИЙ

T. Asykulov

SOME CHALLENGES OF SPECIALLY PROTECTED NATURAL TERRITORIES

УДК 502.3:061

Макалада учурдагы өзгөчө корголуучу табигый аймактардын кээ бир маселелерин көрсөтүүгө аракет жасалды. Кыргыз Республикасынын аймагындагы өзгөчө корголуучу табигый аймактардагы (ӨКТА) көйгөйлөрдү чечүүдө илимий сунуштар берилди.

Негизги сөздөр: *корук, корукча, табигый парк, сактоо, колдонуу, биосфералык аймак, зона, рекреация.*

В статье освещены современные проблемы функционирования особоохраняемых природных территорий. Даны некоторые рекомендации для дальнейшего улучшения особоохраняемых природных территорий (ООПТ) в Кыргызской Республике.

Ключевые слова: *заповедник, заказник, природный парк, сохранение, использование, биосферная территория, рекреация.*

The article highlights the current problems of the functioning of protected areas. Some recommendations for further improvement of protected areas in the Kyrgyz Republic.

Key words: *reserves, natural park, preservation, use, biospheric territory, recreation.*

Кыргыз республикасы өзүнүн ландшафттарынын, айбанаттар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн ар түрдүүлүгү, жаратылыш эстеликтеринин байлыгы менен уникалдуу болуп эсептелет. Республиканын эталондук жана ажайып жаратылыш комплекстерин жана объектилерин, жаратылыштын кооз жерлерин, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн генетикалык фондусун сактоо, биочөйрөдөгү табигый процесстерди иликтөө жана анын абалынын өзгөрүшүнө контролдук жүргүзүү максатында өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары бар. Булар мамлекеттик коруктар, мамлекеттик улуттук жаратылыш парктары, биосфералык аймактар, мамлекеттик корукчалар (заказниктер) жана мамлекеттик табигый эстеликтер.

Дүйнөлүк маданий жана табигый мурастарды сактоо менен өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактары коомдун туруктуу өнүгүшүнө зор салымын кошууда. Өзгөчө корголуучу табигый аймактары илимий-изилдөө иштерин иликтөөгө, билим берүүгө, рекреацияга, туризмге жана айыл жерлерин өнүктүрүүгө көптөгөн шарттарды жаратат. Өзгөчө корголуучу табигый аймактар уникалдуу ажайып жаратылыштын бурчтары болуп саналып, региондун уникалдуу мурасы жана өзгөчө ресурс катары каралуусу керек. Буларды ар кайсы өлкөдө приоритеттери, институционалдык, укуктук, финансылык колдоосуна карата ар кандай типке бөлүшөт. Ушул себептен Жаратылыш коргоо эл аралык бирикмеси (Международный союз охраны природы - МСОП) өзгөчө корголуучу табигый аймактарынын категориялары-нын системасын иштеп чыккан.

Жаратылыш коргоо эл аралык бирикмесинин Корголуучу аймактар боюнча Бүткүл Дүйнөлүк Комиссиясынын категориялары төмөндөгүдөй болуп иштелип чыккан (WCPA, IUCN 1994a):

I. Катуу талапта корголуучу

a) Катуу талаптуу табигый коруктар

b) Жапайы табияттын өзүнчө бир бөлүгү

II. Экотутумду жана рекреацияны сактоо (улуттук парктар)

III. Уникалдуу табигый объекттерди сактоо (табияттын эстеликтери)

IV. Активдүү башкаруунун аркасында сактоо (кээ бир түрлөрдү/жашоо чөйрөлөрдү коргоо сактоо үчүн башкарылуучу аймак

V. Ландшафттарды/деңиз акваторияларын сактоо жана рекреация (корголуучу ландшафт/деңиз акваториясы)

VI. Табигый экотутумдарды туруктуу пайдалануу (башкарылуучу ресурстардын корголуучу өзүнчө бөлүгү).

Мурдагы союздук мамлекеттерде өзгөчө корголуучу табигый аймактардын түзүлүү принциптерин иштеп чыгууда көптөгөн окумуштуулардын салымы чоң. Алардын ичинен мындай аймактарды жалпы классификациялоо (*Борисов, 1985*), резерваттардын категорияларын кароо (*Криницкий, 1974*), табигый-антропогендик аймактарды классификациялоо (*Реймерс, Штильмарк, 1978*) сыяктуу көрүнүктүү илимий изилдөөлөрдү карасак болот.

Кээ бир эмгектерде (*Борисов, 1985*) ландшафттын 12 тибин эске алуу менен коруктардын группаларын бөлүүгө болот:

1. Бийик тоо, 2. Бөксө тоо, 3. Кургак түздүк, 4. Кургак (ариддик) областтар, 5. Сейрек токойлор, 6. Бадалдар, 7. Токойлор, 8. Көл ландшафты, 9. Саздар, 10.Тундралар, 11.Мангр формацияларын, 12.Жээк ландшафттары.

Кыргызстандын аймагында бул ландшафттардын типтеринин басымдуулугу орун алган жана ошол аймактарда коруктар түзүлгөн. Мисалы, бийик тоолуу ландшафттын алкагында Сарычат-Ээрташ коругу орун алган.

Классификациялык иерархия боюнча корголуучу аймактарды коруктук-эталондук (коруктар, резерваттар) (*Реймерс, Штильмарк, 1978*) класска топтоп, анын ичинен өзүн өзү жөнгө салуучу ("биосфералык") коруктарды өзүнчө бөлсө болот. Сары-Челек биосфералык коругу буга мисал болушу керек.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын аймагында мамлекеттик өзгөчө корголуучу табигый аймактар максаттык арналышы боюнча төмөндөгүдөй болуп бөлүнүшөт: 1. Мамлекеттик коруктар, 2. Мамлекеттик табигый парктары, 3. Ботаникалык бактар, 4. Мамлекеттик корукчалар (заказниктер) жана жаратылыш эстеликтери, 5. Биосфералык аймактар, 6. Дендро жана зоопарктар, 7. Транс чекаралык өзгөчө корголуучу табигый аймактар.

Мамлекеттик коруктар, табигый парктар, ботаникалык бактар, мамлекеттик корукчалар жана зоопарк мурдагы Совет учурунан бери ачылып иштеп келүүдө.

Таблица 1- Өзгөчө корголуучу табигый аймактар

	Коруктар	**Аянты, га**	**Түзүлгөн жылы**
1.	Ысык-Көл	19 661	1948
2.	Сары-Челек	23 836	1959
3.	Беш Арал	112 018	1979
4.	Нарын	91 023,5	1983
5.	*Каратал-Жапырык*	*36 449*	*1994*
6.	*Сарычат-Ээрташ*	*129 760*	*1995*
7.	*Падыша-Ата*	*30 556*	*2003*
8.	*Кулун-Ата*	*27 780*	*2004*
9.	*Сурма-Таш*	*66 194*	*2009*
10.	**Табигый парктар**		
11.	Ала-Арча	19 400	1976
12.	Кара-Шоро	14 340	1990
13.	*Кыргыз-Ата*	*11 172*	*1992*
14.	*Беш-Таш*	*13 650*	*1996*
15.	*Каракол*	*38 256*	*1996*
16.	*Чоң-Кемин*	*123 654*	*1997*
17.	*Салкын-Төр*	*10 470*	*2001*
18.	*Саймалуу-Таш*	*32 007,2*	*2001*
19.	*Кара-Буура*	*59 067*	*2005*
20.	*Саркент*	*40 000*	*2009*
21.	Баардыгы	**867 287**	
22.	**Биосфералык аймактар**		
23.	*Ысык-Көл биосфералык аймагы*	***43100 кв.км***	*2001*


Булагы: http://www.nature.gov.kg/index. php/environment/oopt.html

Союз таркагандан кийин да бир нечеси ачылып, аларга жаңы формадагы биосфералык аймак категориясы да кошулду. Алгачкы биосфералык аймак катары Ысык-Көл биосфералык аймагы 2001-жылы сентябрь айында ЮНЕСКОнун биосфералык резерваттар тармагына расмий түрдө кошулду. 1-таблицада көрүнгөндөй, Кыргызстанда 1948-жылдан бери өзгөчө корголуучу табигый аймактар уюштурулуп келүүдө. Эгерде 1948-жылдан баштап, 1991-жылга чейин же 43 жылдын ичинде 4 мамлекеттик корук жана 2 табигый парк уюштурулса, кийинки 20 жылга жетпеген учурдун ичинде эле 1 биосфералык аймак, 5 мамлекеттик корук жана 8 табигый парк уюштурулган. Бул табигый корголуучу аймактарды уюштуруудагы эң чоң ийгилик. Бирок, кийинки жылдары мындай иш-аракеттер солгундай түштү, себеби жер пайдалануучулар менен болгон конфликттер жеке менчик жерлердин көбөйүшүнөн, ошондой эле жер пайдалануучулардын башка багыттагы иш-чаралары, башкача айтканда, чарбалык багыттагы (жайыт пайдалануучулар, кен иштетүү ж.б.) иш-чаралардын болушу тоскоол болууда.

Ысык-Көл биосфералык аймагын түзүү идеясы учурунда актуалдуу болгон жана анын түзүү долбоору ал кезде керек эле. Ошентсе да ал азыркы мезгилде өз ордун таба элек. Бул жаңы формада түзүлгөн аймактын аянттык көлөмүнүн өтө чоңдугу анын башкаруу планын ошол деңгээлде уюштурууну талап кылат. Аймакты башкаруу жеке табият коргоочулардын күчү менен ишке аша албайт. Андыктан жаратылышты коргоо маселелерин ошол аймакта иш жүргүгөн өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес субъекттер менен чогуу чечүү керек. Азыркы учурда жеке менчик жер пайдалануучулардын талабы жаңы түзүлгөн 2001-жылдагы биосфералык аймактын талабына жооп бере албайт. Ошондуктан биосфералык аймакты кайрадан зоналарга бөлүштүрүү маселеси келип чыгууда жана бул азыркы учурдун талабы.

Дендропарктардын түзүлүшү да белгилүү деңгээлге чыга элек же жокко эсе.

Биологиялык ар түрдүүлүктү колдоо үчүн түзүлгөн өзгөчө корголуучу табигый аймактардын (коруктар, табигый парктар, корукчалар) бүгүнкү күндөгү аянттык үлүшү (Ысык-Көл биосфералык аймагын кошпогондо) Кыргыз мамлекетинин жалпы аянтынын 6,006% ээлейт (http://www.nature.gov.kg/index.php/environment/oopt.html.)



Сүрөт 1. Кыргызстандын өзгөчө корголуучу табигый аймактары

Бул категориялардын арасынан трансчекаралык өзгөчө корголуучу табигый аймактар азыркы күндө ишке толук кире элек, болгону Тажикстан, Казахстан, Өзбекстан жана Кытайдын чек араларында мындай аймактарды ачуу боюнча төмөндөгүдөй долбоорлор аткарылган жана аткарылууда:

1. Батыш Тянь-Шандын биоартүрдүүлүгүн сактоо боюнча Аксу-Жабаглы, Чаткал, Беш-Арал сыяктуу Өзбекстан, Казахстан жана Кыргызстандын ортосунда болгон долбоордун негизинде түзүлө турган аймак болмок. Тилекке каршы аягына чыкпай калган.

2. Памир-Алай өзгөчө корголуучу табигый аймагын түзүүдө Тажикстан менен Кыргызстандын ортосунда эки долбоор болгон. Бирок ийгиликтүү илимий иштердин жүргүзүлгөнүнө карабай бул да жыйынтыгын берген жок.

3. Хан-Теңири жаратылыш паркын түзүү долбоору азыркы учурда аткарылууда. Келечекте Кытай мамлекети менен сүйлөшүүлөр болсо, уландысын Кытайдын корголуучу табигый аймактары менен бириктирсе болчудай.

4. Кыргызстандын Чоң-Кемин табигый паркы менен чектешкен Казахстандын Алматы коругу, Или-Алатау жана Көлсай көлдөрү улуттук парктары менен азыркы учурда дагы бир илимий практикалык долбоор жүрүүдө.

Өзгөчө корголуучу табигый аймактарды түзүү кандай кыйынчылыктар менен жүргүзүлсө, аны андан ары иштетип, өзүнө коюлган критерийлерди сактоо, функцияларынын так аткарылышы өзүнчө чоң маселе болуп саналат. Мындай аймактардын функцияларынын туура эмес жолго коюлушу – бул алардын материалдык-техникалык базасынын начардыгы, кадр маселеси жана жергиликтүү калк менен байланыштын начардыгы же аларга жаратылышты коргоо маселелерин толук жеткизбөө себептери болуп эсептелинет.

Кыргызстандагы Чоң Кемин табигый паркынын мисалында кээ бир көйгөйлөргө токтоло кетели. 1997-жылы ошол учурдагы токой чарбаларынын аймагынын негизинде бул табигый парк уюштурулган. Табигый парктардын негизги функциялары коргоо, элдин эс алуусун рекреациялык ресурстардын негизинде жаратылышка терс таасирин тийгизбей уюштуруу жана аларды тейлөө болуп саналат. Ал үчүн коргоо зонасы, эс алуу зонасы жана тейлөө зонасы так бөлүнүшү керек. Бирок:

- адистин жетишсиздиги (бир гана илимий кызматкер бар, туризм же эс алууну уюштуруу боюнча бөлүм же адис жок, экологиялык агартуу иштеринин өтө аз жүргүзүлүшү же жогоруда айтылган илимий кызматкер ушул экологиялык агартуу иштерин дагы жүргүзгөнгө милдеттүү)
- материалдык-техникалык базанын төмөндүгү (транспорттун жетишсиздиги, маянанын аздыгы) жогоруда айтылган табигый парктын өз функцияларын так аткарганга чоң жолтоо кылат.

Коргоо жана колдонуу функциялары так эмес, б.а. мурдагы эле токой чарбасынын кылган чарбалык иш-аракеттери жүргүзүлүүдө. Табиятты коргоо иштери экинчи планга чыгып калган. Экологиялык агартуу иштеринин жүргүзүлүшүнүн төмөндүгүнөн жергиликтүү калктын кээ бир бөлүгү бул аймакты табигый парк катары эмес токой чарбасы деп билет. Жергиликтүү калк табигый парк менен көпчүлүк учурда отун алыш же токойду пайдалануу үчүн токой билетин алганда гана биргелешкен кызматташтыкты жүргүзүшөт. Мониторинг иштери буга чейин жүргүзүлгөн эмес.

Мына ушул көйгөйлөрдүн кандайдыр бир бөлүгүн чечүүдө Германиянын табиятты коргоо союзу (НАБУ) менен Германиянын экономикалык кызматташтык министрлигинин көмөгү менен Казахстан менен Кыргызстандын аймагында трансчекаралык долбоор 2013-2016-жылдары аткарылмакчы.



Сүрөт 2. Фотокапкандардын жардамы менен алынган Чоң-Кемин табыгий паркынын жаныбарлары (кашкулак, тоо эчки, күрөң аюу)

Бул долбоор биринчи кезекте табигый парктын башкаруу планын түзүүгө жардам бериши керек. Азыркы учурда бир нече илимий иштер жүргүзүлүүдө, материалдык жактан бир топ жардам көрсөтүлдү, бир нече илимий экспедициялар уюштурулуп, табигый парктын кызматкерлерине илимий-методикалык окуулар өтүлдү. Жаңы технологиялардын жардамы менен табигый парктын аймагында мониторинг иштери да ушул долбоордун жана Германиянын табиятты коргоо союзунун Кыргызстандагы филиалынын жардамы менен жүргүзүлүүдө. Фотокапкандардын жардамы менен кандай жапайы жаныбар бул аймакта бар экенин билүүгө болот (2-сүрөт). Бул аймакта Кызыл Китепке кирген жаныбарлардан илбирс, күрөң аюунун ж.б. сүрөттөрү алынды. Ушул максатта жана бул ишти андан ары алып кетүү үчүн паркка долбоордун жардамы менен 10 фотокапкан, компьютер, GPS ж.б. керектүү инвентарлар алынып берилди

Келечекте мындай иштер мамлекеттик табигый парктын өз күч аракети менен жүргүзүлүшү керек.

Корутундулап айтканда, Кыргызстанда жаратылышты коргоого экинчи дүйнөлүк согуштан кийин гана көңүл бөлүнө баштаган. Себеби, башка мамлекеттерде ал учурда өзгөчө корголуучу табигый аймактар мурда эле болсо, мисалы, Россияда Баргузин коругу 1916-жылы, Астрахань коругу 1919-жылы, Ильмен коругу 1920-жылы жана Табердин коругу 1936-жылы түзүлгөн болсо (*Заповедники и национальные парки России, 1998*), ал эми Кыргыз жергесинде биринчилерден болуп Ысык-Көл мамлекеттик коругу 1948-жылы гана уюштурулган. Мунун себеби буга чейин табиятка басым кылуу өнөр жай ишканаларынын жоктугу, кен казып алуу иштеринин жүргүзүлбөгөндүгү болгон. Ошондуктан жаратылышты коргоо ал учурда эң орчундуу маселе болгон эмес. Азыр болсо кен казып алуу, туристтик уюмдардын рекреациялык ресурстарды колдонуусу, мал чарбасынын өнүгүшү жана башка ушу сыяктуу көптөгөн чарбалык иштердин биринчи планга коюлушу өзгөчө корголуучу табигый аймактардын жакшы иш алып барышына тоскоолдуктарды тийгизет жана өз ара келишпестиктер келип чыгышы мүмкүн. Ошо себептен, өзгөчө корголуучу табигый аймактардын администрациясы жергиликтүү калк менен тыгыз иштеп, аларга түшүндүрүү иштерин байма бай жүргүзүп, чогулуп ошол аймакты коргоо иш аракеттерин жүргүзүүлөрү бүгүнкү күндүн талабы.

Адабияттар:

1. http://www.nature.gov.kg/index.php/environment/oopt.html
2. Анучин Д.Н. Охрана памятников природы. М., 1914
3. Асыкулов Т. Биосферные резерваты и их создания в Кыргызстане. Б., 2002.
4. Асыкулов Т., Карамолдоев Ж., Барыктабасов Э. Биосфералык резерват жана аны Кыргызстанда түзүү. Б., 2008.
5. Асыкулов Т., Сапарбаев Э. Проблемы создания и развития биосферных резерватов в Кыргызстане. Б., 2014.
6. Борисов В.А. Белоусова Л.С. Заповедники и национальные парки мира. Краткий справочник. М., Наука 1969
7. Борисов В.А. и др. Охраняемые природные территории мир: Национальные парки, заповедники, резерваты. М., Агропромиздат. 1985., -310 с.
8. Заповедники и национальные парки России, М., 1998. Справочник
9. Закон об охране природы. Б., 1992
10. Заповедники Советского Союза. М., 1969
11. Применение 27 Севильской резолюции 2.3. относительно Севильской стратегии по биосферным резерватам и законных границ мировой сети биосферных резерватов ЮНЕСКО. Париж. 1995.
12. Реймерс Н. С., Штильмарк Ф.Р. Особо охраняемые природные территории. М., 1978.
13. Заповедники и национальные парки России. М., 1998.

Рецензент: д.геогр.н. Чонтоев Д.